# ЛИ БОНУН ЧЫГАРМАСЫНА ЛИНГВОПОЭТИКАЛЫК АНАЛИЗ

**АРЗЫМАТОВА Н. М.**
vestnik_bgu@mail.ru

*Макалада Кытай элинин улуу акыны Ли Бонун өмүрү жана чыгармачылыгы камтылган. Которулган ырларына түшүндүрмө берилген.*

Кытай элинин Таңдоорундагы (618 - 907-жж.) эң көрүнүктүү улуу акындарынын бири – Ли Бо (701 -762-жж.) Кыргызстандын Чүй дарыясынын боюнда жайгашкан Суйаб (Суйе) шаарында төрөлгөн. Аны биз улуу романтик акын, жазуучу катары билебиз. Кийинки муундарга миңден ашык ыр калтырган. Ли Бо Таң династиясында кытай маданияты дүркүрөп өскөн доордо жашап, чыгармаларын жазган. Андан кийин жашаган адамдар аны «олуя акын» деп аташкан. Ли Бо жаш кезинен эле абдан зирек жана көп кырдуу талантка ээ экендиги даана байкалган. Ли Бо беш жашынан эле окуганды үйрөнүп алган. Алга умтулган жаш акын адегенде эсеп чыгарганды үйрөнүп, андан соң ойчулдар жана акындар менен тааныша баштаган, негизинен кытай элинин тарыхына жана адабиятына көңүл бурган, көп тилдерди билген, өзгөчө руханий дүйнөгө умтулуп, тынымсыз изденүүдө болгон. Ал эр жетип, 25 жашка толгон кезде, Кытайдын Сычуань провинциясынан өлкөнүн түштүк провинцияларына саякат жасап, элдин турмуш шарты, үрп адаты, каада салты жана маданияты менен терең таанышкан. Ал эл арасында белгилүү акын катары таанылып калган кезде, Кытай императорунун сарайына чакырьшып, кызматка алынат. Бирок, Ли Бо акын жана чыгармачыл адам катары, чыгармачылык эркиндигин жана ой жүгүртүүсүн императордук кызматтан жогору баалагандыктан, хан сарайында бир жылдан ашуун иштей алган эмес.

Ли Бонун чыгармаларынын идеялык мааниси өтө терең болуп, жалпысынан Конфуцийлик идеяларга негизделген. Мисалга алсак гумандуулук, адамгерчиликтүүлүк, акыйкаттуулук, билимдүүлүктүн, акылмандыктын идеяларын туу тутуп, ырларында аларды жогорку көркөмдүктө чагылдырууга жетише алган. Ошол эле мезгилде Ли Бонун ырларынын бир бөлүгү, анын өзү жашаган заманга, мезгилге наразы болуп, иренжиген мааниде жазылган. Мына ушуларды эске алып караганда Ли Бонун ырлары арсар уйкаш жана төрт сапатуу поэзия ыкмасында жазылган деп айтууга болот. Акындын поэтикалык дүйнөсүнүн тереңдигинде жана көп убакыт саякатта жүргөндүгүнө байланыштуу жаратылышка арнаган жогорку көркөмдүктөгү бир керемет чыгармаларды жараткан:

**Лушань тоосундагы шаркыратманы карайм**

*Тээ батышта күүгүм кирет, күн нурлары жаркырап*
*Көзүм албай турам тиктеп, шаркыратма шаркырап,*
*Саманчынын жолу өңдүү, жерге боюн таштаган*
*Кулап түшөт түнт токойго, ак булуттуу аскадан.*

Ли Бонун өмүрү жана чыгармачылык жолу катаал болуп, элинен, жеринен дайыма алыста жүргөнүнө байланыштуу, акындын ырларында алыста калган досторун сагынганы, үй-бүлөсүн эңсегени жана өскөн жерине кайрылып келүүнү самагандыгы жөнүндө жазган ырлары арбын. Буга акындын төмөнкү ыры мисал боло алат.

**Досумду узатканда**

*Түндүк жактан курчаган көгүш тоодон Ак-Дайра*
*Шаарыбызды чыгыштан айланып өтөт капкайда.*
*Жээкте минтип турабыз коштошуп коюп калышка,*
*Жел кайыгын, жапжалгыз жортуп жөнөр алыска.*
*Калкылдатып булуттай шамал айдайт тээ эле,*
*Күнүм элең сен менин, бата турган кез эле?*
*Булгалап колду сунганда, жөнөдү кайык эң тезде,*
*Кишенет атым кишенет, миңгенин эстеп бир кезде.*

Ошондуктан, анын чыгармаларындагы негизги тема бул: эл жерине.болгон сагыныч, кусалык, жаратылыштын кооздугуна, асманга, тоолорго, сууларга арналган. Ал эми Ли Бонун ырларынын башаты болсо кытай поэзиясьнан үгүт алып, андан ары өнүккөн. Ошондуктан ага бир аз токтоло кетели:

**Ак чокуга көтөрүлүп баратам**

*Батып күүгүм, жоготкуча шооласын,*
*Багынтамын Ак чокулуу тоо башын.*
*Эл мени да ошондой деп аташкан*
*Эшик ачкан бет алдыма чоң асман.*
*Мени көккө залкар шамал, алып уч,*
*Жеңил аккан булуттарды жанып уч.*
*Айга жетчү, кол тийгизчү күндөмүн,*
*Билгим келбейт каскактарын дүйнөнүн.*
*Кала берди артымда бут-бардыгы,*
*кайтаар бекем өз үйүмө акыры?!*

**Түшүндүрмө:** Тайбо чокусу (Ак чокулуу тоо) азыркы Шэньси провинциясынын Угун аймагындагы агарган чоңчокунун аты, эрибеген ак кардан калпак кийип занкыят. Ал акындын жетилген курагына үндөш, андай атты акын эр жеткенде (20 жашында) алган.

**Туу чокуга чыгып баратам**

*Шу жеринде ыйык чоку аз эмес,*
*Бирок баары Туучокуга жетеби?*
*Көргөн жандан сурайт элем, ал элес*
*Көрк береби, көңүлүңдөн кетеби?*
*Асман мелжийт, туш-туш жашыл тунгуюк,*
*Миң кубулган зор дуйнөгө суктанам.*
*Жаным жыргап, тан нуруна куюнуп,*
*Сырга канам, кайра талам, шыктанам.*
*Күүгө салып булуттардын күүлөрүн,*
*Эмэй тоонун чертем сыйкыр кылдарын.*
*Буга дейре батынчу эмес кыялым.*
*Эми мына, көрдүм анын сырларын.*
*Таптым издеп. Алдым булут нурларын,*
*Жалган дүйнө жоголду бул жолдордо.*
*Бараткансыйм ак козуну мен минип,*
*Ак жарыкка, айкалышканколдорго.*

Бул ыр саптарында акындын кыялындагы ыйык Эмэй тоосунун Туу чокусуна чыгып баратканын чагылдырган ыр.

**Наньян булагы цинлэндин жээгинде басып жүрөм**

*Мага кымбат кызыл күндүн батканы.*
*Муздак, тунук, мөл булактын акканы*
*Куугум нуру суу шарында дирилдейт,*
*Мунун баары - жанга жагып жатканы.*
*Мен ырдаймын ай булуттан чыкканын...*
*Тык токтодум:*
*Карагайдын түбөлүк күүсү укканым.*

**Түшүндүрмө.** Цинлэн булагы («Муздак жана тунук» деп аталат) Хэнань провинциясындагы Наньян шаарында жайгашкан.

**Лушань тоосундагы шаркыратма**

*Кайнар тоодон көк буу көккө бууланат,*
*Бийик зоодон шаркыратма куланат,*
*Агыш тарам Саманчынын Жолундай,*
*Көктөн Жерге күмүш түстүү суу агат.*

Бул ыр саптарында Ли Бонун өмүрүнүн аягында элден чет ээн жашаш үчүн Лушань тоосунда жашап калганда жазылган деген жоромол бар. Кайнар тоо (Сянлу) - Лушандын түндүк-батышындагы тоонун аты, чокусунда жыттуу көкнар тартуучу коркорго же Кайнарга окшогон оюк бар. Саманчынын жолун кытайлар мифология түшүнүгүндө Кектен Жерге куюлган өзөн - суу дешет. Бул керемет жашоону укмуш коoздоп, жашоо маңызын философиялык көз карашы менен баяндап, башкалардан өзгөчөлөнүп жаратылышты эң кооз элестер менен тартуулап берген Ли Бо, дал ошол касиеттери үчүн элге таанымал болгон. «Кытай адабиятынын тарыхы» китебинде авторлору Ли Бонун ыр саптары ар бир адамдын жүрөк түпкүрүнө чейин жетчү деп баса белгилешип кеткен. Академик Василий Алексеев акын жөнүндө: «эбегейсиз зор поэзия мейкиндигинде, акын өз элинин чексиз руханий байлыгын укмуш тартуулаган» деп айтып кеткен.

Сөздүн акырында акындын поэтикалык жан дүйнөсүнүн терендигине жана көп убакыт бою саякатта жүргөндүгүнө байланыштуу жаратылышка арналган сулуулукту көркөмдөгөн көптөгөн чыгармаларды жана ыр саптарын жараткан. Албетте Ли Бо кытай поэзиясынын эң бир көрүнүктүү классиги. Терең мааниси, жогорку көркөмдүгү менен элдин купулуна толгон ырларды жазып калтырган, кытай элинин улуу акыны катары белгилүү.

***Адабияттар***

1. Ли Бо. Тандалмалар: Ч. 1-2. - Б., 2004.
2. Ли Бо. Тандалмалар: Ч. 1-2 Ө Сост. И.С.Бол-журова. - Б., 2004
3. Турсунов Э. Кытай акыны Ли Бонун ырларын кыргызча котормолору Ө Тандалмалар - Б., 2004.